# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылга акча-кредит саясатынын сандык критерийин өзгөртүү тууралуу билдирүүсү

Улуттук банк Башкармасынын
2009-жылдын 14-августундагы №34/1
токтому менен кабыл алынган

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2009-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө, 2009-жылга акча-кредит саясатынын сандык критерийи катары, инфляцияны 15 пайыздан төмөн деңгээлге басаңдатууну (2009-жылдын декабрь айы 2008-жылдын декабрына карата) белгилеген. Сандык критерийдин маанисин аныктоодо инфляциялык процесстердин туруксуздугу, ошондой эле дүйнөлүк экономикадагы кризистик жагдайлардын Кыргыз Республикасынын экономикасына таасир этүү белгисиздигинин жогорку деңгээлде экендиги эске алынган.

Дүйнөлүк экономикада жана экономикалык жактан негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөгү кризистик жагдайлардын өтүп жаткан жылда да уланышы, өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнөн да айкын байкалууда. 2009-жылдын алгачкы жети айынын жыйынтыгы боюнча экономикалык өсүш арымынын басаңдашы катталган: ИДПнын өсүшү 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндеги 6,9 пайызга салыштырганда, 1,5 пайызды түзгөн. Экономиканы кредиттөө көлөмү төмөндөп, калктын реалдуу кирешелеринин жана керектөөлөрүнүн өсүш арымы басаңдаган. Мунун натыйжасында, чогуу алгандагы суроо-талап, ага жараша инфляциялык басым төмөндөгөн. 2007-жана 2008-жылдардагы баалардын эпкини жүргөн мезгилден кийин, инфляция динамикасы 2009-жылы өткөн жылдардын орточо деңгээлине кайтып келүүдө: жылдык маанидеги керектөө бааларынын индексинин өсүш арымы 2009-жылдын июлунда, 2008-жылдын июлуна караганда 3.4 пайызды түзгөн.

Ушул шартта, Өкмөт менен Улуттук банктын кризиске каршы чаралары менен бирге, экономикалык ишкердикти активдештирүүгө көмөк берүүнүү, бизнес коомчулугунда жана калак арасында жетиштүү күтүүлөрдү калыптандыруу максатында, Улуттук банк акча-кредит саясатынын мурда билдирилген сандык критерийин 7,5 пайыздан ашпаган (2009-жылдын декабрь айы 2008-жылдын декабрына карата) деңгээлге чейин төмөндөтүү жагына өзгөртүү мүмкүн деп эсептейт.

Мында, тышкы товардык-сырңелук жана финансы рынокторундагы абалдын өзгөрүү тобокелдиги сакталып калууда, ага катар эле акча-кредит саясатынын сандык критерийине жетишүү мүмкүнчүлүгүнө товарларды ичтен сунуштоонун азайышы, товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө тарифтердин жана административдик жол менен белгиленген баалардын өзгөрүүсү таасир этиши мүмкүн.

Улуттук банктын 2009-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүндө баяндалган 2009-жылга акча-кредит жана валюта саясаттарынын негизги багыттары өзгөрүүсүз калат. Улуттук банк баа туруктуулугун сактап туруу жана банк тутумунун ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн колдо болгон баардык каражаттарды пайдаланууну улантат.